ЖАМАНКУЛОВА Ж.О., АБДЫРАКМАТОВА Н.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРДЫН БОЛОЧОК МУУНДУ ТАРБИЯЛООДОГУ РОЛУ: КӨЙГӨЙЛӨР МЕНЕН ЖАЛПЫ КҮРӨШӨЛҮ!

*Бул макалада "Кел-Кел" жана "Иниме кат" чыгармаларындагы кенебестик, жалкоолук, көрө албастык, ушакчылык тууралуу тарбиялык мааниси зор үзүндүлөргө токтолуп, аларды ЖОЖдо же мектепте тарбиялык сааттын темасы катары алуу, жаштарды тарбиялоодо колдонуу максаты жөнүндө сөз болот.*

Биздин эң эле негизги көйгөйлөрүбүз: кенебестик, жалкоолук, көрө албастык, ушакчылык. 21-кылымда, илимий-техникалык прогрес-стин мезгилинде "жаштарыбыздан ыйман кетти, Батыштын жаман жактарын үйрөнүп атышат" - деген кепти ар-ар жерден угууга болот. Чындыгында эле, кыргыз улуту – бир нерсени бат үйрөнүп, бат кабыл алган улут. Бир жаман жерибиз: жакшы нерсени да, жаман нерсени да бат эле үйрөнүп алганыбызда. Биз бир нече жолу чет өлкөдө тажрыйба алмашып, билимди жогорулатып, немис, австриялыктардын жашоо образы менен да таанышып келдик. Кайра өз Мекенибизге кайтканда, ошол эле "биз" келдик, бирок жан дүйнөбүз тазарып, өзгөрүп келдик. Ушак-айыңдан алыстадык, кылган ишке тактыкты үйрөндүк. Кантип биздеги канга сиңген көйгөйлөрдү жоготобуз деген ой жаныбызды кыйнап келет. Албетте, Батыштын биздин маданиятка туура келбеген, ыймансыз жоруктары жок эмес. Бирок ошол эле учурда суктанарлык жактары толтура. Биз кандай аракет жумшасак да жоё албаган, каныбызга синген нерселер - аларга жат көрүнүш. Мисалы: ушак айтуу, бирөөнүн жеке жашоосуна кийлигишүү. Алардын ою боюнча, "бул менин жекече жашоом, ал менен эч кимдин жумушу болбошу керек". Ал эми биздин көйгөй ойлонбой туруп ушак айтууда, адамдын жеке жашоосуна анын уруксааты жок кийлигишүүдө.

Биз келечегибиз болгон жаштарды тарбиялоодо алыска барбай эле бир кылымда бир жаралган улуу инсандарыбыздын айткан насаатта-рынан алып, жаштарыбыздын кулагына куюп, келечекке жол көрсөтө алабыз. Биз мектепте окуп жүргөн кезде эле ушул чыгарманы окуганбыз, бирок ошол бала чакта маани бере албаган сөздөргө кийин маани берип, жашоого болгон көз карашыбыз өзгөрүлдү десек жаңылышпайбыз. Төлөгөн Касымбе-ковдун "Кел-кел" тарыхий романында Курманжан Датканын неберелерине айткан сөздөрүнө токтолгубуз келет: *"Тээ алмустакта эле Тенирим ар адамдын үрөйүн, көнүлүн, көрөөр күнүн ар башка кылып жараткан экен. Бу тар дүйнөнүн талашы көп, жеткенинен жетпей өксүгөн касырет арманы, наалышы көп, аттиң ай... Мунусу аз келгенсип, адам атпайдын баарына акыл чөйчөгүнүн бир текши болунбаганын айт?! Өз акыл чөйчөгүнө жараша ар бир адамзааданын оозунан сөз чыгат, колунан иш келет. Кемисе кемийт, бирөө да акылды ашырып, көбөйтүп алмакчы болуп да, не ашырып не көбөйтүп ала албайт - чөйчөгүнөн ашып төгүлөт."*

*"Бир түркүн адамзаада бар - <u>көрө албас</u> - Тенирим анын колунан келериң чактоо кылып, а каалоосун, алкын өтө чон кылып кууруткан. Кара жаның карыштап, колунан келбес ишке жулунат - тенирим буйрубаган соң, эптей албай жыгылат. А бирөөнүн колунан иш келсе, айткан сөз эп келсе, ага алайып көз артат, атаандашат -өтпөйт, анан алдастап жамандык издейт, ошол бирөө анын шыбагасын, энчин бөөдө алып койгон таризде. Көп жолугаар мындайлар, оо бууданымдын кош көздөрү чоочуба - көрө*

*албастын көзүнө өзүнөн-өзү көр топурак тыгылат, байкамаксан бол - ал ит болуп каба албайт. Ат болуп тебе албайт, мар жылан болуп чага албайт, бай тууган болуп бага албайт.”* Курманжан апабыз айткан “көрө албастыкты” жеңе алабызбы же тагдыр өзү жазасын берет деп жүрө бергенибиз жетиштүүбү? Коомубуздагы жат көрүнүш – көрө албастык менен кантип күрөшө алабыз? Деги эле бул көрүнүш менен күрөшүүгө болобу? Же көрө албастык балага ата-эненин каны менен өтөбү? Эгерде үй-бүлөдө көргөн тарбиясы көрө албастыкка жык толгон мамилелер болсо, биз, коом, бала-бакча, мектеп, ЖОЖ аны оңдой алабызбы? Бул суроолор көпкө көнүл борборунда болуп, акырында “Албетте! Оңдой алабыз! Баланы жашынан дейт эмеспи, бала-бакчадан баштап тарбияласак, жыйынтык чыгат” деген үмүт менен оюбузду жыйынтыктадык. Азыртадан аракет жумшасак, мисалы ЖОЖдордо болочок ата-энелерге тарбиялык сааттарда балдарыңарды ушактан, көрө албастыктан алыс тарбиялагыла, өз алдынчалыкка, жоопкерчиликке үйрөткүлө сыяктуу кеп-кеңештерди айта берсек, бирөөсүнүн болбосо, бирөөсүнүн кулагына кирээр деген үмүттөбүз.

*“Бир түркүн адамзаада бар - келкелиң менен кошо келет кабагын жаркылдатып, коюңду союп, казаныңды асып, көңүлүңдү жамдап багыңа, табагыңа кошулат, а кеткетиң байкалып, башыңа булут айлана баштаган чакта аны таламандын тал түшүндө да таппайсын - бир убакта тээ башка “күн тийген” жакта бирөөнүн күйүп турган отуна алаканын кактап, аны баягы сени мактаган сөз менен мактап, сени ушактап, анын жылуу күнүнө суу канатын жайып курганып, жан багып отурганын көңүлүң чалат. Мындайлардын келгенине кубанба, кеткенине кайгырба, ага теңирим көк жал бөрүнүн артынан ээрчиген жорунун, кузгундун, карганын күнүн берип койгон.”* Бүгүнкү күндө ушул эң эле жаман сапат ушакчылыкты кантип жоёбуз? Эл ичинде айтылган сөз бар эмеспи: “Катын калп айтпайт, каңырыш угат” дегендей, аягында таптакыр чындыкка жанашпаган сөздөр айланып отуруп бир ушакчы аркылуу ошол кеп болуп аткан адамга жетет. Айрым учурда мындай ушакчылардын кесепетинен достор айрылып, үй-бүлө бузулган учурлар да кездешпей койбойт. Илгертеден ушак айтуу аялдардын иши болсо, бүгүнкү күндө айрым эркектер да аялдардан кем калбай ушак айтканын кездештиргенибиз өкүнүчтүү. Ушак айтып келген кишини эле уяткарып турсак бул көрүнүштөн арылабыз. Кошоматчылык? Биздин оюбузча, “кошоматчылык” кыргыздын канында жок нерсе. Бул - жат көрүнүш, башка улуттан жуккан көрүнүш. Бул жерде менин эсиме төмөнкү саптар келет:

“Керсейгенге керсейгин, Падышанын уулу эмес,

Ийилгенге ийилгин, атаңдан калган кул эмес ”

*“Бир түркүн адамзаада бар - бейбапа дүнүйө издейт, калпыс да болсо мейли, жортуулчу сымал жан тынымын көрбөй күн ката даңк куйт, өңкөй сукту жолдош кылат, бирок ал топуксуз - сукка кешик арттырбай тымызын чабат, жалгыз алат. Эки жагын каранбайт, жол жолдошу сууга агып, өзү калат. Бу жолукса аттын башын бура тарт...”* Мындай адамзаададан кудайым сактасын, жараткан мындай адамдарды азыраак жаратсын!

*“Дагы бир түркүн адамзаада бар - топуктуу, колдо барына ыраазы, адамчылыгына шүгүр, уйкусу тынч. Топугу жугат - бу тар дүйнө кең болот....”*

*“Дагы бир түркүн адам кездешет - өзү келип ыкташпайт, өзү жагынып сырдашпайт, жакшы болсоң, ишиң илгерилесе, ал өзүнчө тең берип ыраазы, сырт*

*жүрөт. Качан бир башыңа мүшкүл түшкөн чакта түз келип көңүл сурап, көмөгүн аябайт, акылашпайт. Сырттан дейт мындайды, достошсоң да касташсаң да сырттан менен болмок абзел – кадырынды билет, бөөдө арам өлтүрбөйт".* Курманжан апа айткан сырттандар ылайым эле элибизден көп чыкса экен! Ар бир ата-эне балдарын сырттан кылып тарбиялаcа экен!

*"Энеде бир гана ой - катарга кошулсун, "ата көргөн бала" болуп, абийир, адилет тутунсун деген гана далалаты. "Бу балдар соз тыңшабаса, тыңшаса да кулагына кирбесе, кулагына кирсе да сөз баркына баамы жетпесе эмне болот?..." - деп, катаал ой зып келип анда эмгеги текке кеткени эмеспи, жүрөгү шуу дей түштү. "Өзүлөрүнүн шору..." - деди Курманжан кейиштүү улутуна. "Өзүң билбе, билгендин тилин алба" деген каргышты эсине алды. Аттин ай, карачы өзү билбесе, билгендин тилин албаса. Анык кудайдын кууратканы ошо да?! Бу оомал төкмө кыйын дүйнөдө өзүң акыл таппасаң да, акыл тапкандын айтканына көнүп, айдаган жагына жүрүш да түзүк, каниет турбайбы?!"*

Жалкоолук, кенебестик жөнүндө сөз козгосок, эске дароо төмөнкү чыгарма келет. Окуучулук кезде Советбек Байгазиевдин "Иниме кат" публицистикалык чыгармасы чоң таасир берип, келечектеги кесипти тандоого түрткү болгон эле. Азыр мугалимдик кесипте ушул чыгарманы тарбиялык мааниде улам жаны келген студенттерге окуп беришти адатка айландырдык. *"Мисалы, кыргыз акимдери жана ак сөөктөрү кишилерди жөндөмүнө карата: куйма кулак, акма кулак, таш кулак деп бөлүштүрүшкөн. Куйма кулак - бул акылы, кабылдоосу жөндөмү күчтүү, уккан, көргөн нерселерин эсинде жана көкүрөгүндө жаттап калган, бирдеме чыга турган идиректүү, баштуу-көздүү адам. Акма кулак - быягынан айтсан тыягынан унутуп калган, айткан акыл жукпаган киши. Таш кулак - аны кудай башынан макоо кылып жараткан, акылы чымчыктын тумшугунан ары ашпаган жетишсиз кемпай. Андан сабасаң да эчтеме чыкпайт. Таш кулактын маңдайына кудай кулдун тагдырын жазган дешет. Чын эле адамдар өздөрүнүн дээри, жөндөмү, акыл мүмкүнчүлүгү боюнча асман менен жердей айырмаланып турушабы? Жаратылышынан тубаса түрдөгү акылсыз, акылдуу, жөндөмсүз, жөндөмдүү, жетик жана жетесиз адамдар болобу? Ойлонуп көрсөк, илим жана турмуштук практика буга таптакыр бөлөкчө жооп берет. Ырас, элдин баары А.Эйнштейн, Ю.Лермон-тов же Саякбай болуп төрөлбөйт. Бирок таптакыр эчтемеге жөндөмү жок болуп да эч ким төрөлбөстүгүн илим далилдеп жатат. Адамдардын бардыгы тең тереңде уюп жаткан потенциалдык чон мүмкүнчүлүктөр, өсүп өнүгүүгө, өркүндөөгө,"канат күүлөп учууга" чоң жөндөм менен төрөлөт. Адамдын мээсинин түзүлүшүн жана иштешин изилдеген окумуштуулар биз өмүрүбүздө өзүбүздүн мүмкүнчүлүгүбүз-дүн чектерине караандабай кете берерибиз жана биздин мээбиз турмуш процессинде өзүнүн кубаттуулугунун кичинекей гана үлүшүн кыймылга келтиререрин өкүнүч жана таң калуу менен жазышат. Эгерде катардагы эле адам өз мээсинин мүмкүнчүлүгүн жок дегенде жарымын эле иштете алса, анда ал 30-40тан ашык чет тилдерин үйрөнүүгө, Чон Советтик Энциклопе-дияны бүт жатка билүүгө, ондогон окуу жайлардын курстарын өздөштүрүүгө күчү жетет экен. Табигаттын бизге ыйгарган зор мүмкүнчүлүгүн карап туруп ар бир катардагы адамдын чындаса таланттардын, жалындуу коомдук ишмерлердин, улуу адамдардын, генийлердин денгээлине чейин өсүүгө мүмкүнчүлүгү бар деп тайманбай айтса болот."* Ушул эле чыгармада С.Байгазиев мектепте окуп жүргөндө мугалимдер дээринде жок неме катары кол шилтеп салган эл аралык журналист В.А.Островский

жөнүндө жазат. Кесиби тил билүүнү талап кылгандыктан, ал өз күчүн сынап, күнүнө 6 сааттан тил үйрөнө баштаган. Тынымсыз эмгек, аракетинин натыйжасында ондон ашык чет тилин үйрөнөт. Жазуучу инисине кайрылып айтуу менен, жалпы кыргыз жаштарына кайрылган: *”Иним, сен же сенин жолдошторуңдун арасынан бирөө: жок Островский полиглот, ал ошого шыктуу болуп төрөлгөн. Мисалы, мен антип көп тил үйрөнө албас элем. Менде андай шык жок деп ишенбеши мүмкүн. Мен анда минтип сурайын. Сен өзүн же сенин жолдошуң Тууганбай экөөңөр өмүрүңөрдө чет тилин үйрөнүүгө аракет кылып көрдүңөрбү? Аябай катуу аракеттенип, андан эч нерсе чыкпаган соң таштап койгон жайыңар барбы? Эгер антип мээнет тартып өз күчүңөрдү өзүңөр сынап көрбөгөн болсонор, тил үйрөнүш менин колумдан келбейт деп кантип айта аласынар?”* С.Байгазиевдин бул сөздөрү бүгүнкү күндө да аябай актуалдуу. Биздин жаштарыбыз аракеттенбейт, каныбыздагы жалкоолукка моюн сунуп беришкен. Жөнөкөй эле жалпы дүйнө таануусун кеңейтпегени өкүндүрөт. Мисалы: сабакта белгилүү композитор Бетховен жөнүндө текст окулганы жаткандыгынан, ал ким болгон деген суроого, Бетховен бул – ит деген жооп алган биздин кесиптешибиз. Эгерде ошол студент Бетховен деген ит жөнүндөгү кинотасманы кунт коюп, түшүнүп көргөн болсо, ал итти композитордун атынан койгондугун билмек. Келечекте ар тараптан өнүккөн, аракетчил балдарды өстүрүү үчүн баарыбыз биргеликте иш алып барышыбыз керек. Үйдө ата-эне, бала бакчада тарбиячылар, мектепте, ЖОЖдо мугалим, окутуучулар, тарбиялык сааттарда өз сөзүбүз менен жеткире албасак, жогорудагыдай тарбиялык мааниси зор, мотивация ойготуучу чыгармалардан окуп берип, келечек муундарды тарбиялашыбыз зарыл. Курманжан апанын жүрөгүн ооруткан ой ар бир эненин жүрөгүн оорутса, эне балага туура тарбия берет деп ишенебиз. Сөзүбүздүн аягын И.Раззаковдун “Сен таза болсон, мен таза болсом, коом таза болот” деген сөздөрү менен бүтүргүбүз келет.

Адабияттар:

1. Касымбеков Т. Келкел. -Фрунзе: Мектеп, 1990.

2. Байгазиев С. Иниме кат. - Фрунзе: Мектеп, 1987.